ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

КР УИАнын Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

Д.10.09.395 диссертациялык кеңеш

*Кол жазма укугунда*

УДК: 398: 398. 221 (043.3)

**НАРЫНБАЕВА НУРЖАН ОСМОНОВНА**

# ФОЛЬКЛОРДОГУ КАРА СӨЗ ЖАНРЛАРЫНЫН МИФТИК БАШАТТАРЫ

Адистиги 10. 01. 09 – фольклористика

Филология илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иштин

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

Бишкек – 2010

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Фольклордун тарыхы жана теориясы бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчи:** филология илимдеринин доктору, профессор **Кыдырбаева Р.З.**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор **Керим Шамшедин;**

филология илимдеринин кандидаты, доцент **Сулайман Кайыпов**

**Жетектөөчү мекеме:** И.Арабаев атындагы КМУнун Мамлекеттик тил жана маданият институтунун Кыргыз адабияты кафедрасы

Иш 2010-жылы__________________ саaат__________дө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу түзүлгөн филология илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражаларды ыйгаруучу Д 10.09.395 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

**Дареги:** 720071, Бишкек шаары, Манас көчөсү, 101.

Диссертациянын кол жазмасы менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышып чыгууга болот.

Автореферат 2010-жылы « ______ » _______________ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин кандидаты, доцент **А.Кадырмамбетова**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу жана изилдөөнүн предмети.** Кыргыздын оозеки чыгармачылыгындагы кара сөз жанрларын жөө жомоктон ажырымда үйрөнүү иши улуттук фольклор изилдөө багытында али башталa элек. Ушул теманын алдындагы маанилүү аспекттердин бири болгон миф чыгармачылыгы оозеки прозанын жаралуу себебинин бир башаты болгондугу дагы атайын сөзгө алынбаган. Элге эстетикалык канааттануу тартуулап, көркөм сөзгө карай табитин жакшыртып, эргүү-шыгын ойготкон оозеки сөз өнөрүнөн оолак, бөтөнчөлөнүп турган кара сөздүн башкы касиети – элдин башынан өткөргөн ар кылымдардагы тарыхын, эзелки ишеним-ынанымдарын, алмустактан тутунган ырым-жөрөлгөсүн, салт-санаасын чагылдырып, тарых менен этнографиянын, дин менен философиянын, психология менен рухий маданияттын анын ичинен көркөм сөз өнөрүнүн дагы предмети боло алгандыгында. Бул тексттердеги мифтик жана тарыхый мазмундагы эки башталыш бирин-бири коштоп, толуктап, мотивдештирип жүрүп олтурат. Алар улуттун тарыхый аў-сезиминдеги өзгөчөлүктү, жазма-сызмасы болбогон, отурукташкан маданиятты тутунбаган элдин аўчылык көчмөн доордогу уникалдуу маданиятынын тарыхын синхрондуу мүнөздө өз ичине камтыйт. Ушундан улам, жөө жомоктон айырмаланган оозеки проза жанрларынын изилдөөгө алынбай келе жаткандыгынын бирден-бир башкы себеби угуучулар аны болуп өткөн (тарых) жана боло келген (миф) чындык түрүндө ишеним менен кабылдоосунда жатат. Мындай чыгармалардын мазмунунда бир жагынан официалдуу документтерде катталбаган тарых окуялары баяндалса, экинчи жагынан эзелки диний ишенимдерди чагылдырган мифтер тарыхый чындык маалымдама түрүндө берилет. Алар ооздон-оозго көчүп айтылганда дагы жөө жомок сыяктуу поэтизацияланбастан, карандай маалымат, же таанып-билүүгө тийиш болгон ыйык ишеним түрүндө XX кылымдын 60-жылдарына чейин оозеки адабиятта көркөм жанр катарында кабыл алынган эмес.

Орус совет фольклористи В.Я.Пропп биринчилерден болуп 1963-жылдагы Будапешт кеўешмесинен кийин 1964-жылы жарыялаган «Жанровый состав русского фольклора» деген макаласында элдик прозанын кара сөз аўгемелерин жөө жомоктордон бөлүп классификациялайт жана ар бирине мүнөздөмө берип чыгат.[1] Бирок фольклор таанууда алар поэтиканын алкагынан сырткары, мазмуну, идеясы боюнча өзгөчөлөнүп, эстетикалык таасири жагынан көркөмдүк деўгээлде калыптанбаган чыгармалар деп эсептелип келген. Арийне, мезгилдер өтүп, коомдук формациялардын алмашышына, коомдук аў-сезимдин өзгөрүшүнө жараша бул типтеги оозеки аўгемелер тарыхый маанилүүлүгүн жана купуя ыйык сакралдуу касиетин жогото баштап, жөө жомокко жакын же бирдей деўгээлде кабыл алынып кетет. Ошондуктан кереметтүү мотивдерине карай алардын айрымдарын жөө жомок менен бирдей категорияда карашат. Орус совет фольклористикасында «несказочная проза» жанрларын талдоо багытында изденген В.П.Аникин 1972-жылы жарыяланган макаласында легенда, уламыш, болмуш тексттеринин жанрдык статусунун аныктап-тактоо абалы жөнүндө маселе козгойт. Ал эл чыгармачылыгында жөө жомок менен оозеки проза бир эле түшүнүктүн алдында кабыл алынып келе жаткандыгын, ал «жөө жомоктордун» ичинен жөн гана уламыш, аўыз, болмуш деп үстүртөн ажыратып коюп жүрүшкөндүгүн эскертет: «Новейшая научная мысль отвергла расширительное понимание сказки и

---

[1] Пропп В.Я. Жанровый состав русского фольклора // Русская литература. – 1964. - № 4. – С. 58-76.

стремится уяснить различия между жанрами устной прозы».[1] Кыргыз эл жомокторун жыйнак кылып бастырып чыгарууда ушул эле шаблондуу принцип менен эл ичинен жазылып алынган уламыш, мифтик мазмундагы элдик аўгемелер кошо берилип жїргєн. Жарыяланган кара сєз чыгармалары эзелки диний сакралдуу маўызы унутулган, магиялык функцияга ээ болбой калган, айрымдары тарыхый факт сапатында кабыл алынбай, тек жєє жомокко жакын оозеки окуяга айланып бара жаткан тексттер болгон. Ал эми акыркы убактарда аўчылык турмуштун аўыздары, тарыхый инсандардын ємїр-таржымалын коштогон кереметтїї учурлар, элдин каада-салтында колдонулган магиялык жєрєлгєлєрдїн себебин тїшїндїргєн аўгемелер єз алдынча жарыяланып жїрсє дагы, жанрдык жактан аныкталып жиктеле элек. Диссертациялык иштин алкагында кара сєз чыгармаларынын бардык жактарына мїнєздємє берип, анын бардык маселелеринин башын ачуу мїмкїнчїлїгї болбогондуктан саналуу чыгармалардын мисалында кыргыз уламыштарындагы жана аўыздарындагы мифтик башаттардын насилин тактоону гана кєздєдїк.

**Изилдєєнїн предмети** болуп мифтик єзєктєн уланган, же, сюжетинде миф мотивдери катышкан кєп варианттуу, элге кеўири белгилїї санжыра багытындагы кыргыз элинин чыгышы тууралуу жана бугу эне темасындагы тексттер кызмат кылат.

Мифтик булактарды аныктоодо **изилдєєнїн принциби** катары мифтердин дїйнєлїк параллелдери келтирилип, баштапкы функцияларын тїшїндїрїїгє далалат жасалат. Бирок алардын уламыштарга сиўїї себептерин тактоо, тарыхый жолун иликтєє милдетин аркалай албадык. Себеби андай єўїттєгї изденїї темадан оолактоого алып келип, иштин кєлємїнє сыйбай калышы мїмкїн. Экинчи жагынан, фольклор жанрларындагы мифопоэтиканын генезиси башка темалардын алдында салыштырма-тарыхый, салыштырма-типологиялык методдогу изилдєєлєр жїргїзїлїп келген. Булардын негиздїїлєрїнєн «Манас» эпосунун генезисин ачкан Р.З.Кыдырбаеванын, кыргыз-казак фольклордук байланышын чечмелеген Б.Кебекованын, эпикалык каармандардын эволюциялык єнїгїшїн анализге алган Р.Сарыпбековдун, «Эр Тєштїктїн» мисалында салыштырма-поэтикалык анализ жїргїзгєн С.Кайыповдун монографияларын эске салуу жетиштїї. Бул эмгектерде мифтик поэтиканын фольклордогу ордуна, анын компаративисттик, типологиялык мїнєзїнє, типтїї жана генетикалык алака-катыштарына масштабдуу талдоолор жасалган. Иштин жїрїшїндє кара сєз чыгармаларындагы мифтердин легенда, уламыш, санжыра, аўызга айлануу мотивдери, алардын аў-сезимдеги ролу, турмуштагы функциясы изденїїнїн **негизги объекти** болуп берет деген їмїттєбїз.

Изилдєєнїн **методологиялык негизин,** *биринчиден*, элдик прозанын жанрдык составын аныктоодо анын практикалык жана теориялык принциптерин иштеп чыккан эл аралык, орус жана орус совет фольклористикасынын, ошондой эле боордош тїрк тилдїї элдердин тажрыйбалары тїзєт. *Экинчиден,* мифтин табиятын таанууда дїйнєлїк философ, психолог, этнолог, этнограф, лингвист жана фольклористтердин негизги жоболору баалуу кызмат єтєйт. *Їчїнчїдєн*, дїйнєлїк илимий принциптердин фундаменталдуу концепциялары – абстракт-туулуктун конкреттїїлїккє єтїшї жана конкреттїї тарыхый-фольклордук факторлордун мифологиялык системадагы генезисин аныктоо їчїн пайдаланылат.

Изилдєєнїн **максаты жана милдети –** оозеки чыгармачылыктагы жєє жомоктон єзгєчєлєнгєн кара сєз чыгармаларынын мифтик ойломдон, миф мотивдеринен кандай жолдор менен, канчалык деўгээлде азыктангандыгын аныктоо. Аалам тїзїлїшїнє, жашоо мыйзамдарынын ыраатуулугуна карай калыптанган адам акыл-эсинин кєрєўгєсї болгон мифтин кєркєм ой-чабытка, поэтикалык туундуга айлануу жолуна байкоо жїргїзїї.

Иштин **илимий практикалык мааниси жана жаўычылдыгы.** Изилдєєнїн жїрїшїнєн чыгарылган жыйынтыктар кара сєз чыгармаларына карай калыптанган кайдыгер кєз карашты єзгєртїїгє кємєк берип, аларды башка оозеки кєркєм туундулар менен катарлаш кєркєм наркка жана идеялык мазмунга толумдуу элдик чыгарма сыпатында иликтєєгє муктаж экендигин кєрсєтїї. Элдик прозанын басымдуу бєлїгїн тїзгєн легенда, уламыш, санжыра, аўыз жанрларынын жана мифтердин мазмундук, мотивдик классификациясынын

---

[1] Аникин В.П. Художественное творчество в жанрах несказочной прозы / В кн.: Русский фольклор. Т. XIII. – Л.: Наука, 1972. – С. 6.

жана аныктама-мінєздємєлєрін филология факультеттеринин «Кыргыз фольклору» курсунун сабактарында пайдаланууга болот.

**Изилдєєчінін жеке салымы:**

– Улуттук фольклор илиминде эпикалык поэзияны ар кыл аспекттен изилдµµгµ кµбірµµк басым коюлуп, оозеки проза, анын ичинен жµµ жомоктон айырмаланган кара сµз чыгармаларынын табияты, башаты, жанрдык айырмачылыктары атайын иликтµµлµргµ арзыбай келет. Ушул µўїттµн алганда алардын мифтик башаттарын аныктоо – болочок изденїїлµргµ из салат деген ойдобуз.

– Кара сµз тїріндµ тараган оозеки аўгемелер атайын кµркµм чыгарма эмес, ааламды аўдап тїшїнїїдµн улам калыптанган ынаным кµз караштардын жыйындысы экендигин кµрсµтїї. Бул концепция улуттук прозанын алкагынан кеўири, дїйнµлїк моделдин їлгїсїндµгї айкашта талданат.

– Берилген талдоо ыкмасы фольклордук чыгармалардын, дегеле, рухий маданияттын башатында миф жаткандыгын жана мындай кµрїніш жеке гана кыргыз маданиятына м‰нµздїї мыйзамченемдїїлїк болбостон, бїтїндµй адамзаттык аў-сезимдин калыптануу эволюциясынын басып µткµн жолу экендигин тастыктайт.

– Диссертациялык иш миф чыгармачылыгын мазмуну боюнча жана мифтен µзµктµнгµн кара сµз туундуларын жанрдык µзгµчµлїктµрїнµ карай классификациялап, алардын схемада чагылышын сунуштайт.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

– Миф – эл оозунда айтылып жїргєн аўыздардын гана жыйындысы эмес, дїйнєтаанымдын аў-сезимдеги кєп тармактуу модели экендигин кєрсєтїї;

– Жєє жомоктон айырмаланган кара сєз чыгармаларынын мотивдик єзєгїндє сєзсїз мифтик ойлом болорун аныктоо;

– Мифтик ойлом космогониялык, этиологиялык, тотемдик ынанымдардан тїптєлгєн культтук аўгемелерден турарын жана алар кєркєм эстетикалык туунду эле эмес – тарыхый факт, философиялык кєз караш же байыркы анимисттик ишенимдердин калдыгы тїрїндє ишендирїїнї максат кылган атайын текст экендигине талдоо жїргїзїї;

– Бир эле мифтик мотив легенда, уламыш, санжыра, аўыз жанрларынын сюжеттик єзєгїндє болорун далилдєє;

– Изилдєєнїн жїрїшїндє талдоого алынган оозеки кара сєз чыгармаларынын жанрдык составын аныктоо;

– Миф чыгармачылыгынын адам аў-сезиминдеги єз ара алакасын ачып, схема тїрїндє классификациялоо.

**Иштин апробациясы.** Изилдєєнїн негизги мазмуну «Эл агартуу» журналынын 2005, № 11–12-жана 2007, № 1–2, № 3–4-сандарына, «Шоокум» журналынын 2007, № 10-санына, «Социалдык жана гуманитардык илимдер» журналынын 2007, № 3–4-санына, КУУнун жарчысынын 2007, серия 1, 5-чыгарылышына, «ЖОЖдордун кабарларынын» 2008, № 3–4-санына макала тїрїндє жарыяланган. 2007-жылы 12–13-октябрда ЮНЕСКОнун «Эпикалык мурастар: єнїктїрїї жана сактоо жолдору» аттуу Эл аралык илимий конференциясында, 2009-жылы 20-майда «Формирование казахской государственности и историко-культурные ценности тюркского мира» деп аталган Эл аралык илимий-практикалык конференцияда докладдар окулду. Автор тарабынан 2003-2008-жылдары КУУнун кыргыз филологиясы факультетинин Кыргыз тили жана адабияты кыргызча эмес мекемелерде бөлүмүндө «Кыргыз фольклору» предметинен бул темада лекциялар окулуп, семинардык жана жекече сабактар єткєрїлдү.

**Иштин структурасы жана кєлємї:**

Диссертациялык иш киришіїдєн, їч бєлімдєн, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

Диссертациянын киришиї бєлімінде теманын актуалдуулугу, жаўы-чылдыгы, илимий изилдєєнін максаты, милдеттери, методологиялык негизи аныкталып, иштин илимий практикалык мааниси, апробациясы белгиленди.

Иштин **биринчи бєлімі** «Миф жана мифология» деп аталып, мифтин табиятынан, илимдин ар кыл тармактарында феноменалдуу объект катары анын изилдєєгє алынышынан маалымат берилип, легенда, уламыш, жєє жомок менен болгон алака-катышын, алардагы мифтин ордун жана ролун аныктоого аракет жасалды. Миф феноменинин маданияттын кайсы гана чєйрєсінде чагылуусун албайлы, бардыгы дээрлик бирдей эле архаикалык кырдаалдан туруп, дїйнєнін мифопоэтикалык моделин бир эле прициптин негизинде: макрокосмос менен микрокосмос, табигат менен маданият, кудуреттїї касиеттїілік (божественность) менен пендезаттык деп аталган дїйнєлік законду идеясына гана байланарын кєрїїгє болот.[1] Мифология єзінін синкреттик табийгатына ылайык философиянын, тарых менен этнографиянын, маданияттын ар кыл тармагындагы илимий кєз караштардын єнїгїшїндє, идеологиялык формалардын генезисин аныктоодо олуттуу роль ойнойт. Ушундан улам булардын арасын айкын жиктеп бєлїп, маселен, аны диндик элементтерден же сєз чыгармачылыгынан орду тїбї менен ажырымдап чыгууга мїмкїн эмес. Бул касиет мифтердин этиологиялык функциясы ар дайым єз кїчїндє экендигин тастыктайт. Мисалы, Платон мифологияга мифтин символика-философиялык маўызын карама-каршы коюп караган.[1] Биздин доорго чейинки III кылымда ємїр сїргєн байыркы грек философу Эвгемер мифтик образдардан тарыхый ишмерлердин касиеттїї ыйык прототибин тїшїнгєн. Мифтерди бул шекилде анализдєє «Эвгемердик агым» деген ат менен кийинчерээк кайра жандандырган.

Орто кылымдагы христиан теологдору эпикурдук жана эвгемердик интерпретацияны їстїртєн кароо менен антика мифологиясын бурмалап, кордоого чейин барышкан (дискредитацияга учуратышкан). Кайра жаралуу доорунун гуманисттери антика мифологиясынан адамзаттын эмансипацияланган каалоо-мїдєєлєрїнїн чагылуусун кєрїшкєн. Миф феноменинин мындай моралдык-поэтикалык аллегория тїрїндє трактовкаланышы (алсак, Боккаччонун трактаттары, кийинчерээк Ф.Бекондун жана башкалардын чыгармалары) кєп мезгилдер бою їстємдїк кылып келген. Италиялык илимпоз Дж. Вико «Жаўы илимдин пайдубалы» (Основание новой науки, 1725.)[2] аттуу эмгеги менен мифтин тереў философиясын тїзїп чыккан. Автор байыркы доорду бардык аспекттен алганда мифтен тїптєлгєн поэтикалык эпоха деп баалап, анын абалкы аўдап-тїшїнїїнїн идеологиялык синкреттїїлїгїнє кєўїл чордонун бурат. Ал мифтин табиятындагы

---

[1] Миф менен маданияттын байланышы тууралуу ой-идеялар тємєнкї адабий булактардан алынды: Юнг К.Г., Архетип и символ. – М.: Ренессанс, 1991; анын эле: Человек и его символы. – СПб.: Университетская книга, 1996; Леви Строс К., Путь масок. – М.: Республика, 2000; Ранние формы искусства Сб. статей. – М.: Искусство, 1972; Гущин А.С. Происхождение искусства. – М.–Л.: АН СССР; 1937.; Матье М.Э. Искусство Древнего Египта. – М.: Искусство, 1970; Жегин Л.Ф. Язык живописного произведения. – М.: Искусство, 1970.; Энциклопедия символов, знаков, эмблем. – М.: Локид–Миф, 2000.

[1] Платондун жана антика доорунун мифологиялык айрым кєз караштарына байланыштуу соболдордо А.Ф.Лосевдин эмгектерине таандык: Античная мифология в ее историческом развитии. – М.: Учпедгиз, 1957., История античной эстетики. Софисты. Сократ, Платон. – М.: Искусство, 1969; История античной эстетики. Высокая классика. – М.: Искусство, 1974.

[2] Джамбатисто Виконун (1668–1744) бул фундаменталдуу эмгеги толугу менен «Основание новой науки об общей природе наций» деп аталып, орус тилинде А.Губердин котормосунда 1940-жылы Ленинградда (Гослитиздат) басылып чыккан. Анын єзї тууралуу – Киссель М.А., Дж. Вико. – М.: Мысль, 1980.

баланын баёо психологиясы сымал жетилбегендикти, ошол эле учурда сезимтал конкреттүүлүк менен материалдуулукту, акыл-салмакка уюган жүйөнүн бошоўдугу менен кыял-чабытка молдугу адамдын керт башына гана тиешелүү касиет өзгөчөлүктөрүн курчап турган дүйнөнүн предметине да ыйгарып, атрибут менен форманы субъекттен абстракциялай албагандыгы, түпкү маўызды «эпизоддор менен алмаштыруу», мисалы, баяндоочулук мүнөзгө ээ экендигин ажырымдап жиктөөгө жетише алган. Дж. Виконун мифтик философиясы мифтаануучулук илиминдеги бардык багыттардын башат-уюткусун камтыйт.

Немец философу И.Г.Гердер (1744–1803) мифтердин поэтикасына, улуттук касиеттерине басым коюп, аны элдик даанышмандыктын казынасы катарында карайт. Анын эмгектери мифологиянын Агартуучулуктан романтикалык көз карашка өтүүгө олуттуу таасирин тийгизген мерчемдүү көрүнүш эле. Романтикалык философияда миф эстетикалык феномен деп аныкталат. Бул теориялык тастыктоо Ф.В.Шеллингдин (1775–1854) философиялык системасында мифтаануучулук – табият менен искусствонун ортосунан орун алып, салтка айланган ой жоруулар символиканын системалуу өүүтүнөн каралат. Бул – мифтин романтикалык философиясынын негизги пафосу болгон. Шеллинг антика, байыркы чыгыш жана христиан мифологиясына салыштырма баа берүү менен грек мифологиясы поэтика дүйнөсүнүн баа жеткис алгачкы образы деп билет. Ошондой ал миф жаратуучулук искусстводо уланып жана жекече чыгармачылыкта да өркүндөп өсө бермекчи деп ишенген. Немец илимпоз-филологдору ага-ини Якоб жана Вильгельм Гриммдер (Немецкая мифология, 1835) жомоктогу чыгармачылыктын эў бир көөнө формасын элдик аў-сезим, акыл-эстин баа жеткис байланышынын башатын мифтерден алгандыгын далилдешет. Бул аргумент континенттеги герман мифтерин иликтеп үйрөнүүдөн башталып анын саркындылары эл арасында ырым-жырым, жөрөлгө кейпинде эми да жашап жүргөндүгүн көрсөтүүгө келип такайт.

Мифти иликтеп изилдөөдө XIX кылымдын экинчи жарымында бири-бири менен келишпес эки башка көз карашты бекемдешкен магистралдык эки мектеп пайда болгон. Алардын бири Я.Гриммдин изилдөөлөрүнө шыктанган жана ошол эле учурда романтикалык көз караштарын өтө аздектеген мектеп өкүлдөрү индоевропалык тил илиминин тарыхый-салыштырма изилдөөлөрүнө таянуу менен байыркы индоевропалык мифтердин лингвистикалык этимология маселелерине көбүрөөк басым коюшкан. Мюллердин түзгөн лингвистикалык концепциясы боюнча миф – абалкы адам абстракттуу түшүнүктөрдү конкреттүү белгилер аркылуу метафоралык эпитеттердин жардамы менен туюнткан. Мюллер мифтик кудайлардан солярдык символдорду көрсө, Кун менен Шварц аны метеорологиялык көрүнүш деп билишкен. Андан ары биринчи планга астралдык жана лунардык мифтер коюлуп, мифтердин калыптанышындагы айбанаттардын ролуна маани берилген. Бул мектеп натуралдык же солярдык-метеорологиялык деп аталып, фольклортаануучулар мындан жомок жана башка эпикалык сюжеттердеги мифтик башаттарды табышкан. Албетте, бара-бара илим бул мектептин концепциясына олуттуу түзөтүүлөрдү киргизген. Ал эми солярдуу, лунардуу жана башка символикалар, асыресе табият циклине байланышкан мифтик булактар мифологиялык моделдештирүүнүн татаал катмарларынын бирин түзүп калды.

Антропологиялык же эволюциялык деген атты алган экинчи мектеп Англияда пайда болуп, салыштырма этнографиянын алгачкы илимий аракеттеринин натыйжасы болгон. Бул багыттын көрүнүктүү өкүлдөрү Э.Тэйлор, Э.Ленг, Т.Спенсер жана башка окумуштуулар башкы материал иретинде архаикалык урууларга цивилизацияланган

адамды салыштырып кароону алышкан.[1] Мюллерден айырмаланып, Тэйлор мифология менен абалкы диндин жаралышын эӳ эле эртеги адамзаттын абалкы аӳ-сезимин «натурализмге» эмес, анимизмге алып барат. Тэйлордун теориясы боюнча миф – абалкы адам єзінє тїшініксіз болгон кєрініштєргє жооп издєєнін жемиши, б.а., жапайы кишинин жан-дїйнєсін сезим-туйгусу, кєргєн тїші, єлім менен ооруга карай рационалдуу ой жїгїртїїсї болгон. Демек, Тэйлордун кєз карашында мифологиянын башаты рационалдуу абалкы илимде жатат.[2] Англиялык антропологиялык мектептин єкілї Дж. Фрэзер єзї дїйнєтаануучулук кєз караштын универсалдуу байыркы формасы деп эсептеген магияга Тэйлордун анимизм теориясын карама-каршы койгон. Миф, Фрэзердин тїшїнїгїндє, курчап турган чєйрєнї аӳ-сезим, акыл-эстин жардамы менен тїшїндїрїї эмес, жєн гана жок болуп бара жаткан магиялык ритуалдын, ырым-жырымдын саркындысы. Анын негизги эмгектери «Золотая ветвь» (1890) аттуу жыйнакка топтолгон.[3] Фрэзердин илимий ишмердїїлїгї ритуалдык доктринанын таралышына тїрткї болгон. Ал эми А.Н.Веселовский ритуалдын катышуусу айрым бир сюжеттин жана жанрдын генезисинде эмес, поэзияда, ал гана эмес бїтїндєй искусствонун генезисинде жатат деген кеӳири концепцияны сунуш кылат. Француз этнологу Л.Леви-Брюль абалкы ой сїрїїнїн илимий ой жїгїртїїдєн кескин айырмаланарын аныктаган. Коллективдїї, башкача айтканда, мифтик ой жоруулар аӳ-сезимдин эмес, ишенимдин предмети болгондуктан «жапайы» адам дїйнєнї чогуусу менен бир бїтїндїктє кабыл алат деген ал. Мифтин структуралык теориясын француз этнологу, структуралык антропологиянын негиздєєчїсї К.Леви-Строс иштеп чыккан. Ага чейин жогоруда кеп болгон илимпоздордон Э.Кассирер менен К.Г.Юнг мифтин структурасына символдуулук концепцияларында чагылган. Мифтик ой сїрїїнїн конкреттїї, метафоралуу сезип-туюу деӳгээлин кєрє билїї менен бирге эле Леви-Строс мифтик акыл-чабыт классификациялоого, жалпылоого жана логикалык анализ жасоого жєндємдїї экендигин аныктаган.[1]

Совет єлкєсїндєгї илимий чєйрєнїн мифтаануучулук тарыхында, албетте, андагы изилдєєлєр сєзсїз тїрдє марксисттик-лениндик методологияга негизделген да, эки нукта жїргїзїлгєн. Биринчиси – этнографтардын эмгектери, экинчиси философиялык жана филологиялык изилдєєлєр. Акыркы кїндєрдє мифке семантика маселеси менен тилчи-семиотиктер кайрыла баштышты. Биринчи топко В.Г.Богораз менен Н.О.Штернбергдин эмгектеринен сырткары А.М.Золотаревдун, С.А.Токаревдин, А.Ф.Анисимовдун, М.И.Шахновичтин жана башкалардын изилдєєлєрїн киргизсе болот.[2] А.Ф.Анисимов сыяктуу айрым авторлор илимий материализмдин теориясына ылайык мифти бир жактуу карап, аны динге ар тарабынан байланыштырышат. Ал эми диндик функцияга коошпогон миф баяндарын абалкы адамдын чаржайыт материалдык аӳдоосунан улам пайда болгон жомоктор деп чечмелешкен. Аталган ысымдардан сырткары антика мифологиясы боюнча ири адис А.Ф.Лосев мифти эч бир идеологиянын (диндик жана саясий) догматтарына

---

[1] Булардын изилдєєлєрїнєн орус тилинде чыккандары: Тайлор Э. Первобытная культура. – М.:Политическая лит-ра: 1989., Ленг Э. Мифология, 1901.

[2] Тайлор Э. Первобытное мышление. – М.: Политиздат, 1989.

[3] Бул эмгек орус тилинде: Фрэзер Дж. Золотая ветвь. – М.: Политиздат, 1980.

[1] Леви-Строс К. Структура мифов // Вопросы философии. 1970. -№ 7. - С.152-164. Анын орус тилинде жарык кєргєн «Путь масок» (М.: Республика, 2000) аттуу китебине «Раса и история», «Путь масок», «Ревнивая горшечница» сыяктуу негиздїї изилдєєлєрї киргизилген.

[2] Золотарев А.М. Родовой строй и первобытная мифология. – М.: Наука, 1964; Токарев С.А. Что такое мифология? – М.: Наука, 1962; Анисимов А.Ф. Космологические представления народов Севера. – М.Л.: АН СССР, 1959; Природа и человек в религиозных представлениях. – Л.: Наука, 1976; Шахнович М.И. Первобытная мифология и философия. – Л.: Наука, 1971 и др.

байлабастан, мифтеги идеалдуулук менен предметтіліктін ширеліісінєн жаралган анын керемет табиятын жактайт.[3] Философия менен ага чейинки аў-сезим формасынын алакасы, анын миф, дин жана кєркєм чыгармачылыктан бєлініп, фундаменталдуу илим деўгээлине єсіп жетиліідегі татаал процессин Байыркы Грециянын маданий булактары аркылуу талдоого аракеттенген Ф.Х.Кессидинин изилдєєлєрін да эске алуу керек.[4] 20–30-жылдары антика мифологиясынын фольклор менен болгон байланышын, анын ичинен элдик жєє жомоктор аркылуу тарыхка айланган жана сыйынуу ритуалдарында чагылган миф башаттарын аныктоо маселелери И.М.Тронскийдин, И.И.Толстойдун эмгектеринде иштелип чыкты. Ошондой эле мифтерди семантика жана поэтиканын єўгїнєн И.Г.Франк-Каменецкий, О.М.Фрейденберг изилдеп-талдашып, айрым бир мерчемдїі пункттарда Леви-Стростун кєз караштарын дагы тереўдетїігє жетишишти десе болор эле. Булардан башка совет илиминде лингвист-структуралист М.М.Бахтин, семиотиктер В.Н.Топоров, В.В.Иванов, мифолог-фольклористтер Е.М.Мелетинский, В.Я.Пропп, М.И.Стеблин-Каменский єўдїі окумуштуулардын монографиялык эмгектери менен мифтаануучулуктагы процессти алга сїрєєгє єбєлгє тїзїлдї.[1] Мында фольклор иликтєєчїлєрдін олуттуу назарына татый турган В.Я.Пропптун системалуу изилдєєлєрї. Ал кереметтїі жомоктордогу каармандардын функцияларын магиялык ырааттуулукка алып келїі менен анын сюжеттик синтаксисинин моделин тїзїп чыккан.[2] Ушул эмгеги менен Структуралык морфологиянын баштоочусу катары илимдин тарыхында аты калды. Ал эми 1946-жылы жарык кєргєн «Исторические корни волшебной сказки» («Сыйкырдуу жомоктун тарыхый тамырлары») деген изилдєєсїндє фольклордук-этнографиялык материалдын жардамы менен жомоктук мотивдерди салыштыруу ушул моделге тїшїрїлєт. Аталган илимий агымдардын ар биринде миф феномени єзїнє тиешелїі ракурстан талдоого алынып кайрадан мифология, миф таануучулук делинген коомдук аў-сезимдин негизги формасын, єзєгїн тїзгєн єз алдынча чексиз, али акыр-аягына чейин таанылып чечилип бїтє элек учу-кыйырсыз кєрїнїш экендиги тастыкталган.

**Экинчи бєлїм** «Элдик прозанын структурасы, классификациясы жана изилдєє тарыхынан» деп аталып, элдик прозанын жалпы тїзїлїшї аныктап-тактоого арналат. Биринчи параграфында бул жанрдын дїйнєлїк жана орус совет фольклористикасында практикалык жана теориялык изилдєєлєрїнєн анонс берилет. Экинчи параграф ушул маселе боюнча азыркы постсоветтик аймакта жашаган тїрк тилдїї элдердин фольклор илиминдеги иштелген иштеринен маалыматтайт. Їчїнчї параграфта кыргыз фольклор таануусундагы кара сєз жанрларын изилдєє абалына, эпикалык прозанын классификациялоо тарыхындагы таржымалына обзор берилип, жєє жомок менен кара сєз чыгармаларынын принципиалдуу айырмачылыктары тууралуу кыскача талдоону камтыйт.

Эл оозеки прозасын «жомок» жана «жомоктон сырткаркы тексттер» деп айырмалоо, жомокту эстетикалуу, демек, кєркєм сєз маданиятынын категориясына толук кирген, ал эми калганын – эстетиканын талаптарынан обочо, информациялык функцияны кєбїрєєк аркалаган чыгармалар деген тыянактын башаты Аристотелдин «Поэтикасы» менен

---

[3] Лосев А.Ф.: Античная мифология в ее историческом развитии. – М.: Учпедгиз, 1957; Античная культура и современная наука. – М.: Наука, 1985; Знак. Символ. Миф. – М.: МГУ, 1982; Миф – число – сущность. – М.: Мысль, 1994; Философия, мифология, культура. – М.: Политиздат, 1991.

[4] Кессиди Ф.К. От мифа к логосу. – М.: Мысль, 1972.

[1] Фрейденберг О.М. Миф и литература древности. – М.: Наука, 1978.; Мелетинский Е.М. Происхождение героического эпоса. – М.: Наука, 1963.; Поэтика мифа. – М.: Наука, 1976; Стеблин-Каменский М.И. Миф. – М.: Наука, 1976.

[2] Пропп В.Я. Морфология сказки. – М.: Наука, 1928.

«Риторикасынан» келип, убагында орус ири илимпозу А.Н.Веселовскийдин идеяларына азык болгон. Кара сөз түрүндө жазылган тексттердин функциясы, стили, мазмуну сыяктуу касиеттерин аныктап-жиктөө батыш илиминде алда канча эрте башталганы белгилүү.[3] Веселовскийдин көз карашы боюнча тилдик процессте эстетиканын критерийлери өз ичине поэтикалык прозаны, ошондой эле тарыхты жана тарых баяндарын да камтыйт. Веселовскийге чейинки илимпоздордун байкашынча адамзатта эки бирдей умтулуу байкалган.[1] Гербердин бул оюнда адамдын аӯ-сезиминде табияттын заӯ-законун өз алдынча трактовкалануусу, башкача айтканда мифтик ой сүрүлөрдүн, символдордун көркөм сөз искусствосуна айлануу процесси белгиленет. Бул – акыл-эстин улам тереӯдеп, кабылдоо туюм-сезими зирек тартып, кыял чабыттын оболошу менен коом турмушунда болуп өткөн урунттуу окуялар көксөгөн мүдөө тилектер менен ширелишип, болмуш (тарых) менен уламыш (көркөмдөлгөн тарых) куюлушуп, шөкөттөлүшүн шарттайт. Бирок тексттердин абалкы калыбында кечээги баштан кечирген тарыхый чындык (уламыш), керемет күчтөрдүн, кубулуштардын бар экендигине ынануу, ошол ынаным-ишенимдердин нугу менен жашап өтүүгө үндөө, ынануу мыйзамы катары саналган ыйык баяндар, диний уламыштар, сандаган ырым-жөрөлгө, андан өрчүп уланган ошого ылайыкташкан каада-салт же бүгүнкү моралдык-нравалык кодекстер өз алдынча жиктелет. Мезгил арымы аркасындагы адам турмушунун эволюциясы социалдык өзгөрүүлөр астында психо-философиялык дүйнөтаанымдын негизинде түптөлгөн тарых менен мыйзам – искусствонун иликтөө предмети болуп олтурат. Фольклор теориясынын адистери өзүнүн табиятына жакын башка гуманитардык илимдердин негиздерине таянуу менен, анын проза түрүнө поэтиканын позициясынан баа берүүгө, анын жалпы жана ички структурасын аныктоого киришкен.

Дүйнөлүк фольклористикада оозеки прозанын түрлөрүн, типтерин, жанрларын практикалык мүнөздө классификациялоо XX кылымдын башында финляндиялык илимпоз Антти Аарне тарабынан башталганы белгиленип жүрөт. Ал 1910-жылы айтылуу «Указатель сказочных типов» аттуу көрсөткүчүн чыгарып, бул эмгек кийинчерээк 1928-жылы жарык көргөн А.Аарне менен Ст. Томпсондун эл аралык көрсөткүчүнүн өзөгүн түзгөн. Антти Аарне бул практикалык мүнөздөгү аныктап-тактоо ишинин негизги предмети кылып жөө жомокту алганы менен аны иргеп-тескөө учурунда жомок жанрынан айырмаланып турган фольклор жанрларды да өзүнчө системага салууну да кош жарыш жүргүзүп келген. Мындай эмгектин алгачкы жемиштери 1912-жылы басылып чыккан фин элинин этиологиялык легендаларынын көрсөткүчү сыяктуу тажрыйбалык аракеттерде көрүнөт. Алты жылдан соӯ, 1918-жылы Антти Аарне эстон элдик оозеки казынасынын төрт бөлүктөн турган жалпы каталогун чыгарган. Биринчи бөлүктү, автор өзү иштеп чыккан система боюнча жөө жомок түзгөн, экинчи бөлүк этиологиялык касиетке ээ болбогон легендалар (Sagen), үчүнчү бөлүк – этиологиялык легендалардан, төртүнчү бөлүк табият кубулуштарын түшүндүргөн тексттерден турган. 1920-жылы ушул эле типтеги көрсөткүч фин элинин фольклордук прозасы боюнча, бөтөнчө легенда жаатында кеӯейтилип жарык көргөн. Бул каталогдордун системасы ар кыл өлкөлөрдө ушул багытта түзүлгөн көп сандаган көрсөткүчтөрдүн үлгүсү болуп далайга кызмат өтөгөн. А.Аарненин бул рубрикасын А.П.Андреев бизге кеӯири белгилүү жомоктук сюжеттердин көрсөткүчүн жаратууда бирден-

---

[3] А.Н.Веселовский бул жерде көп кырдуу батыш илимпозу мифолог, этнограф, психолингвист Штейнталдын көз карашын талдап жатат. / В кн.: Веселовский А.Н. Историческая поэтика. – Л.: Художественная литература, 1940. – С. 350.

[1] Веселовский А.Н. Историческая поэтика. – Л.: Художественная литература, 1940. – С. 350. Автор Герберден цитата алып жатат.

бир ӱлгӱ катарында пайдаланган. Ал эми 1925-жылы оозеки прозанын темасын жана мотивдерин иргеген эл аралык маалымдаманын (справочник) долбоору сунуш кылынган.

М.Лютенин: «Эгерде легенда чындык иретинде факт катары кабыл алынбай калса эле ал жомокко айланып кетпейт» дегени, дагы башка фольклор таануучулардын ушул мазмундагы аргументтери айтылуу ага-ини Гриммдердин: «Легенда менен уламыштын жомоктон айырмачылыгы – булар чындык болгон окуя деп эл ишенген баяндар» деген салтка айланган критерий ар дайым кӳчӳндє экендигин тастыктайт. Бул аргументтин негизинде бир гана нравалык-философиялык ой бӱтӱмдєрдӱн жыйынтыгы кармалбастан, коллективдӱї бейаў табияттын жемиши болгон архетиптик сезим-туюунун, мифтик дӱйнєтаанымдын ой сӱрӱїлєрдӱн жыйындысын тӱзгєн илимий критерийлер да жатат. Материалды практикалык пландан алып теориялык алкакка жайгаштырууда алардын мифологиялык касиет-бєтєнчєлӱктєрӱнє карай жомокту кєркєм сєз предмети, ал эми легенда, уламыш єўдӱї элдик прозанын маўызына биринчи кезекте поэтика эмес, ишеним же тарых элементтери камтылганы негиз болуп берет деген тыянакка келишкен. Ошондой болсо дагы, ошол кӱндєн ушул кӱнгє, фольклордогу жомоктон сырткаркы прозалык материалдар толугу менен илимий теориянын чектелген канондоруна баш ийип, белгиленген алкактарга сыйбастан, илимий-практикалык талаш-тартыштын предмети болуп келет. Алардын ичинен В.Я.Пропптун эмгектеринин басымдуу бєлӱгӱ жєє жомоктун структурасына арналса да, элдик проза казынасынын жомоктон бєтєнчєлєнгєн бєлӱгӱн тӱзӱп турган кара сєз жанрларын да єзӱнчє ажыратып карайт. «Элдик проза деген термин фольклордун теориясы жана тарыхы боюнча эмгектерде, демек андай болгон соў, окуу китептеринде да учурабайт, – дейт В.Я.Пропп. – Проза – элдик чыгармачылыктын бир бєлӱгӱ (одна из областей)». Бул бєлӱккє кайсы тектер жана тӱрлєр кирет, алардын кайсыларын жанр деп атаса болот деп келип, анын бир тегин жєє жомок, экинчисин жомоктон сырткаркы (несказочная проза) аўгеме-баяндарга ажыратат.[1] Фольклорчу элдик прозанын жомоктон башка тӱрӱнє ааламдын, тиричиликтин, адамдын, айбанат-жандык жана єсӱмдӱктєрдӱн жаралышы тууралуу миф баяндары, легенда, болмуш, уламыш, аўыз (былички), баян (сказы) жана тарыхый уламышты киргизет. Эгерде В.Я.Пропптун илимий изденӱїлєрӱ негизинен элдик прозанын жєє жомок тӱрӱнє багытталган болсо, анын жомоктон бєтєнчєлєнгєн башка «несказочная проза» деп атала баштаган кара сєз тӱрӱнє илимий аныктоо берӱї, ич ара жанрларга жиктєє, системалоо иштери совет фольклор таануусунда К.В.Чистов, С.Н.Азбелев, В.П.Аникин, В.К.Соколова, Э.В.Померанцева, В.Г.Гусев тарабынан жӱргӱзӱлӱп келген жана классификациялоо процессинде алардын ар биринин колдонгон принциптери ар кыл болгон. С.Н.Азбелев болсо фольклордук прозаны аныктап-бєлӱштӱрӱїнӱн негизги принциптери деп алардын чындыкта, башкача айтканда, турмушта кабыл алынышына карай айырмаланышы керек деген жалпыга таандык пикирди колдоо менен аларды кєркєм жана кєркєм эмес деп иргейт.[2] Ал эми В.П.Аникин оозеки прозадагы жанрлар турмуштук багыты боюнча, дагы эле фольклор теориясында калыптанган кєз караштын негизинде айырмаланууга тийиш дейт да алардын идеялык-эстетикалык мӱнєзӱнє басым коёт.[1] Э.В.Померанцева элдик прозада функциясына жана мазмунуна жараша, биринчи касиети боюнча оозеки чыгарманы аткаруучулар-

---

[1] Чистов.К.В., Прозаические жанры в системе фольклоре / В кн.: Прозаические жанры фольклора народов СССР. – Минск: АН БССР, 1974. – С. 6–31.

[2] Азбелев.С.Н Отражение действительности в преданиях, легендах, сказаниях / В кн.: Прозаические жанры фольклора народов СССР – Минск: АН БССР, 1974. – С. 96–109.; Русский фольклор. Т. Х. – Л.: Наука, 1996. – С. 191.

[1] Аникин В.П. Возникновение жанров в фольклоре / В кн.: Русский фольклор Т.Х. – Л.: Наука, 1966. – С. 28–42.

таркатуучулар тарабынан көркөм фантазияга атайын басым жасалып айтыла турган жөө жомок, анекдот, калп, экинчисинде көркөм даражасынын өйдө-төмөндүгүнө карабастан, мазмунунда фактылык маалыматтар биринчи орунда туруу менен таанып-билүүчүлүк функция башкы орунду ээлейт деп аныктайт.[2] Элдик прозаны ажырымдоо боюнча В.Е.Гусев, В.К.Соколова, Б.Н.Путилов жана башка фольклор изилдөөчүлөр да өз принциптерин жана көз караштарын ортого салышат. Аталгандардын ичинен Б.Н.Путилов көбүнесе оозеки чыгармалардын тарыхый маселелерине, В.К.Соколова тарыхый уламыштардын өзгөчөлүктөрүнө көбүрөөк кайрылышат.

Ошентип, жалпы фольклордук изилдөөлөр аныктагандай, элдик проза эки ири топко бөлүнөт. Бул маселе боюнча ичинен айрым бир айырмачылыктарга карабастан, адистердин таянуу критерийлери жана негизги принциптери бирдей. Эл аралык оозеки прозанын жалпы материалдарынын негизинде жогоруда сөз болгон практикалык жана теориялык иш аракеттер ылайыктуу принциптердин калыптанышына, аларды кеңири пайдаланууга шарт түздү.

Жөө жомоктон айырмаланган кара сөз жанрлары өз алдынча бөлүнүп, атайын изилденбегени менен классификаторлордун иргеп-тескөөлөрүнүн айрымдарында өзүнчө жанр иретинде фиксацияланып жүрөт. Алардын ичинен окуу-китептеринде, сөздүктөрдө, энциклопедияларда жана жыйнактарга кирген илимий макалаларда аныктамалары берилип жүргөндөрү – легенда жана уламыш жанрлары. Легенда – дүйнөлүк фольклордо эбак калыптанган жанр болуу менен кийинчерээк диний системада үгүт максатында үлгү-нуска мазмунундагы пайгамбарлардын жүрүм-турумун сүрөттөгөн кара сөз чыгармаларына айлангандыгын К.Байжигитов өз монографиясында, Ж.Шериев менен А.Муратов «Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгүндө» (Б., 1994) көрсөтүшөт. Бирок «Сөздүктө» авторлор легенданы экинчи пункту боюнча аныктоосунда Күн, Ай, Жылдыздар жөнүндөгү космогониялык миф баяндарын, жер-суу аттарынын чыгышы тууралуу топонимикалык уламыштарды, ошондой эле легенда жанрына тиешелүү диний мазмундагы кара сөздү, уламыш жанрына кирген тарыхый, баатырдык баяндардын бардыгын санап: «Кыргыз фольклорундагы легендаларды тематикасына карап, космогониялык (Күн, Ай, Жылдыздардын келип чыгышы жөнүндө), топонимикалык (жер-суу аттарынын пайда болушу тууралуу), диний, тарыхый, баатырдык ж.б. бөлүүгө болот» деп көрсөтүшөт.[3]

Ж.Шериев менен А.Муратов түзгөн «Сөздүктө» легенда биринчи пункту боюнча туура белгиленген. Ошондой эле, уламыш – тарыхый негизи бар окуяларды жана жер-суу аттарынын келип чыгыш тарыхын чечмелеген кеп экендиги да так көрсөтүлөт. К.Байжигитов менен «Сөздүктүн» авторлору легенда менен уламыш жанрларынын принципиалдуу айырмачылыктарын даана ажырата алышкан. Арийне, «Сөздүктө»: «Бирок, легенда, жомок, уламыш деген түшүнүктөрдү так чек аралап бөлүүгө мүмкүн болбогон учурлар кездешет, демек, мындай бөлүштүрүү бир топ шарттуу» деген эскертүү берилет. Бул айтылгандарда, албетте, чындыктын үлүшү бар. Фольклор чыгармаларынын бардык жанрдык бөлүштүрүүсү болжолдуу, себеби эл чыгармачылыгынын жаралуу шарты стихиялуу, ар тараптуу. Анда улуттун аң-сезими, жан-дүйнөсү жуурулушуп чагылат. Оозеки туундулардын эң башкы касиети – синкреттүүлүк. Алардын илимий калыпка түшүү маселеси, талаш-тартыштар ушул себептен. Маселен, Р.З.Кыдырбаева, К.Асаналиевдин «Кыргыз адабият илиминин терминдер сөздүгүндө» уламыш термини каралбайт, ал эми, «легенданын негизинде укмуштуу окуялар

---

[2] Померанцева Э.В. Жанровые особенности русских быличек /В кн.: История, культура, фольклор и этнография – М.: Наука, 1968. – С. 274–292.; анын эле: Русская устная проза. – М.: Просвещение, 1985.

[3] Муратов А., Шериев Ж. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү. – Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1994. – 47-бет).

баяндалат да, алар бара-бара уламыш аўгемелерге айланып кетет. Єзінін тематикасы боюнча легенда тарыхый, диндик, топонимикалык, турмуш-тиричилик жана башка болуп бєлінєт» деген аныктама бар.[1] С.Н.Азбелев болсо мунун тескерисинче уламыштар акырындап отуруп кєпчілік учурда легендага айланып кеткен. Ошондо уламыштын єзєгіндєгі чыныгы окуялар элдин учкул кыял-чабытында укмуштуу кереметтії кєрініштєр менен байланышып, кінімдік кадыресе чындыктан алыстай баштаган дейт.[2] Демек, жєє жомоктон айырмаланган кара сєз чыгармаларынын жанрдык єзгєчєліктєрі али иштелип чыга элек. Берилген аныктамалардын таамай эместигине бир жагынан оозеки тексттердин синкретії касиети, сюжеттердин контаминацияланган тїзіліші себеп болсо, экинчи жагынан, дегеле, эпикалык поэзияга караганда эпикалык проза атайын илимий изилдєєлєрдін предмети боло албай келе жаткандыгы кедерги болуууда.

**Їчінчї бєлім** «Кыргыз элинин санжыра-уламыштарындагы мифтик мотив-дердин архаикалык уўгулары» деп аталып, иштин негизги бєлігін тїзії менен уламыш, санжыралардагы мифтик тамырларынын тарыхын иликтєєгє аракет жасалат. Иликтєє процессинде санжыра-уламыштардын сюжетинде контамина-цияланган мифтердин космогониялык маўызын, анын ичинен алардын астрал-дык, анимисттик, тотемдик мотивацияларын аўдоо аркылуу алардын баштапкы функцияларын, жаралуу себептерин чечмелеп тїшіндірії максаты, мифтин структурасын параллелдії эволюциялык теориянын негизинде калыптанган кєз карашты улуттук миф ишенимдеринин призмасында сыноо милдети коюлду. Иштин жїрїшїндє бир эле идеяны дїйнєнї кош жарыш кабыл алып тїшінії моделинин їлгїсїндє миф кєп образдуу, ар тїрдії формада ар башка сюжетте интерпретацияланып келгендигин аныктоо белгиленди.

Кыргыз элинин фольклорунда жєє жомоктон сырткаркы прозалык чыгармалар кайсы аспекттен изилденсе да, кайсы ракурстан каралса дагы кєп кырдуу, кєп функционалдуу, кєп сюжеттії жана ар кыл мазмундуу. Кара сєз жанрларынын бардыгы теў эле мифтик ынанымдардан азыктанып, мифтик сюжеттерден башат алгандыгына кїбє болобуз. Анын ичинен фетиштик, тотемдик, анимисттик, шамандык ишенимдердин бардыгынын генезиси астралдык, лунардык, солярдык мифтерде жаткандыгы байкалат. Жаныбарлардын анималдык же тераморфтук элемент катарындагы мифологиялык системадагы ролу эбегейсиз. Адамзаттын эволюциялык тарыхындагы алардын маанисин їч аспектте кароого болот. Биринчиси – адам єзї табияттан, жан-жаныбарлардан бєлбєй, *синхрондуу* абалда кабыл алган мезгили. Бул доордо адамдар коому же тобу жаныбарларды єздєрї менен бирдей деўгээлде, ал гана эмес иерар-хиялык баскычтын жогорку тепкичине коюп, аларды духтардын пантеонуна кєтєрїшкєн. Экинчи *диахрондуу* аспектте – белгилії бир уруулук коллективдин келип чыгыш себебин жаныбарлардын катышуусуна байланыштырып, аларды уруунун, элдин тїпкї атасы же энеси образында эсептелет. Булар тотемдик культта уруунун ичине гана айтылып тїшїндїрїлє турган сакралдык мїнєздєгї генеалогиялык легенда болуп, кийинки тарыхый доорлордо элдин, уруунун зоболосун кєтєрїїчї уламыштык деўгээлге тїшїп, улам жаўы версияларга айланып, жаўы тарыхый каармандарга кєчїп жїрїп отурган.

Тотемдик культтун элементтерин чагылдырган зооантроморфтук образдардын *синхрондуу* жана *диахрондуу* кабылдануу стадиясы адамзат аў-сезиминин коомдук єнїгїїсїндєгї мифтик доорго туура келет. Ал эми, айбандардын образына кишилик сапаттарды салыштыруу аркылуу алардын терс ипостасында бааланган їчїнчї аспекттеги онтологиялык мамиле, албетте, тарыхый доордо пайда болгон. Азыркы айбанаттар жєнїндєгї

[1] Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К. Кыргыз адабият илиминин терминдер сєздїгї.– Б.: КРУИА, 2004.

[2] Азбелев С.Н. Международная систематизация преданий и легенд / В кн.: Русский фольклор, Т.Х. Специфика фольклорных жанров. – М.: Наука, 1966. – С. 191.

жөө жомоктордун генезисин дагы ушул онтологиялык ой жүгүртүүнүн символдуу-образдык моделдеринен издешет. Ошондой эле жазма адабияттагы тамсил жанрынын типологиясы көркөм аллегориялык структурасы кечээ эле калыптанбагандыгы өзүнөн өзү түшүнүктүү. Ушундан улам XIX кылымдын ортосунда жашаган бабаларыбыздан Валиханов жазып кеткен мотивдеги сары тайгандын мифтик образын тануу аны профанациялоого алып барууда. Арийне, абалкы мифтик доордогу ит жаныбардын сакралдуулугу, анын кереметтүү касиеттерин ырастоочу уламыштар да сөз казынабызда сакталып келди. Буларга иттин пири Кумайык тууралуу мифтик мазмундагы аўыздар, аўчылык доордун турмуштук кырдаалына байланышкан иттин сырттаны Көк добул жөнүндөгү уламыштар кирет.[1] Бугунун энелик ролу, анын уруунун энеси гана эмес, купуя ыйыктыгы дагы бөрү жана ит сыяктуу эле асман телолоруна сыйынган абалкы мифтик доорлордон башат алат. Мүйүздүн магиялык керемети, анын сакралдуу символикасы азыркы күндө да күчүндө экендиги айтылат. Оозеки чыгармаларда «ай мүйүздүү, ача туяктуу» жаныбарлардын касиети кеўири поэтизацияланып келгендиги, ошондой эле элдик ырым-жөрөлгөлөрдө дагы тамырын тереў жайгандыгы белгилүү.

Жаныбарларга болгон сакралдуу көз караш адамдын турмушунда коомдук жашоонун белгилүү бир модели, үлгү болорлук парадигма шекилинде кызмат кылып келген. Алар мифтик аў сезимде мифологиялык коддун варианттарынын бири катары чагылып (мисалы, тотем, пир, медиатр), ошонун негизинде мифке айланган образдарды жана ырааттуу мифтик сюжеттерди жаратты. Мифтик уламыштардан бир коомчулуктун (уруунун, улуттун же элдин) алкагында ар кыл тотемдик структура бири бирине катмарланып, татаалданып интерференцияланып жүрүп отургандыгы байкалат. Бөрү, аркар, марал мистикалык касиеттүү мамилеси аркылуу адам тагдырына аралашып, энелик импульс-умтулуулары менен коргоочулук, колдоочулук функцияны аткарууда. Ушул өўүттөн алганда, эне бөрүнүн тотемдик образы мифтик кабылдоо стадиясында бугу тотеми менен параллелдүүктө жүрүшү менен катар эле эне бугунун абалкы аўчылык турмуш образынын касиеттүү символу болуп коллективдүү бейаў ой сүрүүнүн туруктуу элементи иретинде түбөлүктүү орногондугу белгиленет. Бул пикирди ушул мазмундагы уламыштар коомдук архетиптик ойломдо азыркы күндө дагы функционалдыгын жоготпой чындык болгон окуя сыўары айтылып жүргөндүгү бекемдейт. Буга салыштырмалуу ушул эле тотемдик ролдогу бөрүнүн образы байыркы түрк доорундагы жоокерчилик кырдаалдын фонунда баяндалып, кыргыздын көөнө уламышындагы мифтик кызыл ит сыяктуу кийинки коомдук формацияларда сакралдуу касиети жоголуп, колдоочулук функциясы бошоўдоп, рудименттик абалга өтүп кеткендигин көрдүк. Мифтик доордо медиатрдык, демиургдук же колдоочулук (тотемдик) функцияларды аткарган бөрү, карга ж.б. кейипкерлердин терс образга айланып, башка ипостасында кабылданып түшүндүрүлө баштаган себептеринин бири, албетте, кийинчерээк ислам дининин таасири астында болгон. Дагы бир ынанымда иттин ыйык саналышы, анын Кумай аттуу куштун жумурткасынан чегилип чыгышы дагы космогониялык мифтердин туундусу. Анткени анын архаикалык образы Умай эненин мифтик ишенимдеги функциясы менен ширелишип, ал тургай Умай эне жөнүндөгү абстракттуу түшүнүк мифтик куштун персондоштурулган ипостасында симбиоздуу кабылданат. Элдин мифтик түшүнүгүндө Эненин Куш кебетесинде элестетилиши, алардын Көктөгү Улуу Күч менен байланышта кабыл алынышы башка элдердин маданиятынан да байма-бай кездешет. Дүйнөлүк мифопоэтикалык маданиятта куштардын ар кыл кереметтүү функцияны аткаруусу ритуалда жана диний-мифологиялык системада алмашкыс элемент катары орду бар. Алар миф сюжеттеринде кудайлар, демиургдар, трикстерлер, кудайлар минип жүрүүчү унаа,

[1] Инв. 384 (1525), 647 (5285), 666 (5303); Кебекова Б. Кыргыз-казак фольклордук байланышы. – Фрунзе: Илим, 1982. – 71–72-б.

шамандардын куш кейпиндеги образы, кээ бир куштар тотемдик ата-бабалар болуп айтылат. Куштардын айрымдары, ошондой эле, Улуу Кӱчтїн символу шекилинде кєк, кїн, булут, чагылган, шамал, жашоо, эркиндик, тїшїмдїїлїк, молчулук, болочокту алдын ала билген кєзї ачыктык, кыскасы, космос менен жер їстїндєгї тиричилик жашоонун ортомчу-медиатору катары кызмат єтєйт. Зымырык куш, Гаруда, Анзуда, Аккуу, Карга, Їкї ж.б. мифтик куштар жєє жомок каармандарына айланган. Мифтердеги Сфинкс, Химера, Сирена, Горгона, Пегас, Грифон єўдїї сакралдуу образдагы куштардын баштапкы архаикалык ипостасында ааламдын абалкы космологиялык моделинен алынган образдар.[1]

Культтук мифтердин топтомуна кирген арбактар культу, жер-суу ээси, кут тїшїї ынанымдарын анимисттик, астралдык, тотемдик кєз караштардын жыйындысы жараткан. Кєбїктєн, кїлдєн, суудан жаралуу мотивдеринде бир жагынан жаратылышка болгон анимисттик ишеним, экинчи жагынан жандын єлбєстїгї жана кайтып келїїсї, реинкарнация идеясы чагылат. Ата-бабалардын арбагынын, мазар, булак сыяктуу касиеттїї жерлердин ээлеринин (духтардын) тирїїлєрдїн тагдыр-турмушуна тийгизген таасири – жан єлбєйт, анын ємїрї жаратылыштын мезгили сыўары, кышта солгундаган табият жазда жанданганадай эле жашоонун айлампасында ємїр улайт деген мифтик тїшїнїктїн кєрєўгєсїнєн уланган. Тотемдик ынаным туруктуу мифтик моделге, сюжеттїї уламыштарга айланганга чейин магиялык алгачкы элементтеринде, абалкы общиналык жамааттардын ритуалдык ырым-жєрєлгєлєрїндє чагылып келген. Аў-сезими жетиле баштаган адам баласы єзїнїн ємїр-тагдырын коштогон жандыктардын жана табият кїчтєрїнїн касиетине табынуу стадиялары, алардын азыркы кїндєрдєгї функциялары, адам турмушундагы ролу этнолог Дж. Фрэзердин баа жеткис «Золотая ветвь» эмгегинде талданган. Алдыдагы фактылык мисалдарда жер бетинин ар кыл чекитиндеги айрым элдер бугу тукумундагы аркар, маралдын энелик (айрым версияларда: аталык) касиетине айныбай ынанып келгендиги ырасталды. Бул мотивдин узак жашашынын бирден-бир себеби коллективдїї бейаў-сезимдин К.Г.Юнг ачкан белгилїї формуласы боюнча адам феноменинин архетиптик ойлому анын миллион жылдар басып єткєн тарыхый жолун єзїнїн генетикалык кодунда сактап келет. Алсак, улутубуздун рухий маданиятынын мифтик ишениминде кайберен-кайып, колдоочу-пир функциясын аткарган эне бугунун образы реалдуу кырдаал-окуялар менен тутумдаш тїшїнїлєт.

Кара сєз чыгармаларынын кєркєм наркы тууралуу маселеде, албетте, эл ичинен жыйналган тексттер ар кыл сапатта болушу мїмкїн. Маселен, бир эле мазмундагы уламыш эки же їч информатор тарабынан алардын кєркєм сєзгє болгон шык жєндємїнє жараша деўгээлде баяндалат.[1] Демек, уламыш, санжыра, аўыз сыяктуу тарыхтын жана чындыктын їлїшїн камтыган оозеки тексттер курулай гана фактылардын жыйындысы эмес, адамдын кєркєм ойлоосунан кайра иштелип чыккан кєркєм чыгарманын деўгээлиндеги, бирок ошол эле учурда реалдуу факт катары кабылданууучу материал боло алат экен. Айтылган тыянакты жогоруда мисал иретинде кызмат кылган бугу уруусунун чыгышы, же Каба уруусунун таралышы тууралуу уламыштар жарыяланган жана кол жазма тїрїндє сакталып турган тексттери бекемдей алат. Андыктан, «несказочная проза» жанрын изилдєєчїлєрдїн бири С.Н.Азбелевдин жєє жомокту кєркєм, кара сєздї кєркєм эмес деп так кесер иргєєсї калпыс болот. Ал эми Э.В.Померанцева бул топтогу чыгармаларды кєркєм даражасынын єйдє-тємєндїгїнє карабастан андагы фактылык маалыматтар жана таанып-билїїчїлїк максат башкы орунда турат деп эсептеген. Померанцеванын бул оюн масштабдуу караган К.В.Чистов болгон. Ал фольклордук чыгармаларды кєркєм же кєркєм эмес деп бєлїїнїн єзї маселени тарыхый позициядан кароодон оолактоо экендигин эскертип, алар эл ичинде

[1] Мифы народов мира. В двух томах. Т. II. – М.: Олимп, 1998. – С. 346–348.

[1] Аникин В.П. Художественное творчество в жанрах несказочной прозы. / В кн.: Русский фольклор. Т. XIII – Л.: Наука, 1972. – С. 7.

табигый бейаў тірдє жараларына басым коёт. Албетте, элдик аўгемелерди жазуу тірінє айлантуу процессинде оозеки речти коштогон экспрессивдіілік жана угуучулардын сірєєсінє эргіідєн жаралуучу эмоционалдуулук азаят же жоголот.[2] Ошондой болсо да жєє жомоктон айырмаланган кара сєзді кєркєм чыгарманын алкагынан алыс кароого болбойт.

Кара сєз чыгармаларынын жанрдык составын аныктоо иретинде тємєнкідєй байкоолор ортого салынат. Уруу тарыхын баяндаган уламыштардын єзєктіі сюжетинде бир гана мифтик мотив болуп, ал мотив байыркы легенда, санжыра, уламыш, аўыз тіріндє эл оозунда кєчіп жірєт. Мисалы, бугу эне тууралуу миф. Ал азыркы Ысык-Кєлді жердеген бугу уруусу тіптєлєрдєн алда качан эле илгери кыргыз жана башка тіндік урууларында ыйык саналып келген тотемдик образ, анимисттик ынаным. Демек, ал єзінін ***баштапкы*** ипостасында эч бир сюжетсиз абстракттуу тішінік – *таза* тіріндєгі *миф. **Экинчиси***, ошол мифтик тішініктін негизинде чыгарылган *сюжеттіі баяндар*. Алардын ичинен бизге жеткени бугу уруусунун тіпкі тегин чечмелеген *санжыра* багытындагы *уламыш. **Їчїнчїсї***, XIX кылымдын биринчи жарымында уруулар арасындагы кагылышка байланыштуу айтылып жірген *аўыз*. Абалкы коомдук формацияларда тотемдик жаныбарлардын антроморфтук кейипте, болбосо, арбактардын зоолатриялык деўгээлде таанылып, колдоочу же жазалоочу аракеттерди жасайт деп ишеніі, табият кічтєрінін ээлери бар деп тішініі жана аларга табынуу англиялык этнолог Э.Тэйлордун изи менен кєпчілік илимпоздор анимизмди диндин башталгыч стадиясы катары карашса, Г.В.Плеханов – анимизм бул бардык диндердин зарыл элементи экендигин байкаган. Чындыгында эле анимисттик кєз караштын негизинде жаткан бардык идеялар кийинки пайда болгон ар бир диндик агымдын маўызын тізіп турат. Адам акыл-эсинин эволюциялык єнігіі жолунда бул анимисттик ой жоруулар улуттун рухий тарыхында ата бабанын арбагына сыйынуу, Ыйык Жер-Суу таюу жана анын ээлеринин кудуретине ынануу аркылуу єз тамгасын калтырып кеткен. Уруунун колдоочу духу, тотемдик piринин (бул жерде: энесинин) арбагы карагер атчан, ікі сайынган кыз кебетесинде кєрінгєндігі кечээги эле болгон окуя катары аўызга айланып эл арасына тараган. Мындан архаикалык абстракттуу ынанымдын конкреттіі, персондоштурулган образга айлануу учурун кєріігє болот. Мифтик мотивдин санжыра-уламышка айлануу эволюциясынын мисалы катары кыргыз элинин таркашы тууралуу оозеки аўгеменин бир варианты керемет тєрєліі мотивдериндеги айрым атрибуттардын ислам дининдеги сопулук (суфизм) агымын іґіттєєгє єміріін сайган фанат адам жєніндєгі легендага аралашкан уламыштан алынды. Бул жерде деле адамдын жаралуусун керемет кічтєрдін катышуусуна байланыштырып элестеткен абалкы ой сіріінін мифтик модели кийинки доор-лордо исламды іґітєє максатында кайрадан иштелип, диний легенда кошумчаланып жаўы сюжеттеги уламыш тіріндє айтыла баштаган. Бир уламыштын ичинен єлгєн адамдын кілгє, андан кєбіккє айланып кайрадан наристе болуп тєрєліісі, ал баладан бир уруунун, ал тургай, бітіндєй элдин, улуттун таркашы – єлбєстік идеясын чагылдырган мифтик ишенимди жана ал мотивге реалдуу адам катышкан тарыхый легенданын симбиоздуу чырмалышын кєріігє болот. Натыйжада мифтик доор менен тарыхый доорду, эзелки кєєнє тішінік элестєєлєргє исламдык элементтерди жуурулуштурган *мезгилдик*, тірк урууларынын алмустактагы салт-санаасынын араб элдеринин кийинки кєз караштары аралашкан *мейкиндик єлчємдєрінін* контаминациясы келип чыккан. Кыргыз элинин кара сєз чыгармаларындагы мифтик сюжеттерди иликтей келип, алардын тамыры мезгилдик єлчємдє єтє тереў кетіі менен, мейкиндик кеўдигинде дагы дійнє жізін мекендеген башка элдердин маданий тарыхына типтіі окшош келерине ынандык. Салыштыруу учурунда мифтик ишенимдер, алардын метафоралык маани-маўызы, символдук трактовкасы, сакралдуу чечмеленіісі бирин-бири толуктап, бирине бири

[2] Маселенин бул тарабы белгилії адабиятчылар К.Асаналиев, С.Жигитовдор тарабынан адабият таануудагы башка темалардын алдында анализге алынган.

тушташ экендигин көрсөттү. Алардын ичинен эң башкысы – тотемдик культтун жаралышын түшүндүргөн ак куу, карга сыяктуу канаттуулар, бөрү, бугу, марал өңдүү жапайы жаныбарлардын адам урууларынын башатында турушун, кайберен-кайып тууралуу ынанымдарда алардын адам турмушун көзөмөлдөшүнө ушул мифтик образдардын ар бири эненин ипостасында кабыл алынуучу туруктуу идея экендиги. Абалкы мифтик мезгилдин улам алдыңкы маданий доорлорго алмашышы астралдык теңирлердин жана алардын жердеги образдарын түзгөн жандыктардын ыйыктыгы четинен унутулуп, магиялык таасири жоголуп, рудимент түрүндө гана этнографияда жана фольклордо фиксацияланып калууда. Маселени бул тарабынан баалаганда, теориялык мүнөздө сакталган, жөө жомоктон айырмаланган кара сөз, же, жомоктук версияларга салыштырмалуу мифтик архаикалык фактылар үрп-адатта, каада-салтта карманган атрибуттары аркылуу практикалык мүнөздө өз маңызын сактап келе жатат. Маселен, Умай, Теңир, Дөөтү, Кызыр ж.б. колдоочу пирлердин айрым функцияларын жана аларга байланышкан ырымчыл ишеним жөрөлгөлөрдө, улуттук ритуалдарда иш жүзүндө колдонулушу алардын жердеги «өмүрүн» узартып, касиеттүүлүгүнөн ажыратпай келүүсүнө көмөк болууда. Түрк-монгол мифтик сюжеттериндеги улуу күчтөрдүн табият көрүнүштөрү (жамгыр, мөндүр) түрүндө курсакка кирип бойго бүтүшү, кудайлардын, же тотемдик духтардын зооморфтук образда болочок энелерге кезигүүлөрүнүн ичинен нурдан жаралуу мотиви абдан жыш кезигет. Баштапкы версиясында асмандан нур болуп түшүү вазийпасы солярдык жана лунардык культтун гүлдөп турган дооруна туура келет. Адамзаттын космогониялык ой сүрүү эволюциясында күн кудайына сыйынуу жана айды теңир тутуу стадиясында өздөрүн жапан жаратылыштан айрып карабаган кезде асман теңирлеринин түздөн-түз катышуусу аркылуу жаралгандыгы акылга сыярлык эле көрүнүш болгон. Нурдун керемет кудурети, анын түздөн-түз катышуусу менен зарлап тиленген баланын бойго бүтүшү Күн кудайы менен Ай кудайынын жаратуучулук касиетин далилдейт. Мифология-дагы бул мотив Ааламдын кудайы болгон Күн теңиринин, же Ай теңиринин гана буйругу менен жандыктар (анын ичинде адам дагы) жарык дүйнөгө жаралат деген идеянын башаты күндү же айды ыйык туткан доордогу байыркы ынанымдардын рудименти. Алар мифтик-диний ишенимдерде, тарыхый археологиялык жана палеографиялык эстеликтерде, фольклор мурастарында сакталган. Арийне, айрым элдердин мифологемасында бул мотив саркынды түрүндө эмес, ачык-даана, маселен, Күн кудайы нур түспөлүндө келип, бала жаратууга катышкандыгы баяндалат. Коомдогу турмуш шарттын өзгөрүшү менен адам аң сезими өсүп, дүйнөнү кабылдап түшүнүүсү дагы татаалданып, жогоруда айтылгандай асман телолорунун кыймылына жана табигат көрүнүш-кубулуштарынын кереметине тан берүү менен аларды бардык тирүүчүлүктүн кудайы санашкан. Жердеги жан жаныбарлардан ага окшош касиеттерди таап, б.а. асман теңирлерин жерге түшүрүп, өздөрү ыйык санаган зооморфтуу же зооантроморфтуу персонаждарга, ыйык образдарга айланта баштаган.

Иликтөө процессинде бир эле мифтик өзөктөн үч башка доорду баяндаган үч жанрдык алкактын ичинде бирдей мотивдеги жана бирин-бири хронологиялык ыраатуулукта улаган кара сөз чыгармаларын көрсөк, экинчи мисалда хронологиялык жана хронотоптук өлчөмдөрдөн сырткары *синхрондуу* куралган элдик аңгемелердин бар экендигине күбө болдук. Андыктан оозеки сөз маданиятындагы прозалык текстерди кескин мүнөздө жанрдык категорияларга жиктөө, алардын текши бардыгына тиешелүү жалпы постулаттарды кабыл алуу максатка ылайык эмес. М.Ауэзов айтып кеткендей, ар кимибиз өз гана улутубуздун салттуу алкагынан чыкпай чектелип жатып албастан дүйнөлүк илимдерде иштелип чыккан аргументтерге дагы көз кырыбызды сала жүрүүбүз абзел экен.[1] Маселен, фольклор ушул күнгө чейин көп учурда адабият таануунун ичинде изилденип, оозеки мурастар жазма адабияттагы

[1] Ауэзов М.О. Пусть крепнут крылья для полета // Литературная газета. – 1962. - 6 ноября.

теориялык принциптердин негизинде мінезделіп жірет. Алсак, жее жомоктон айырмаланган кара сөз чыгармаларын фольклористикада бир гана сөз өнеріне, сөз маданиятына тиешелії объект катары кароо – алардын архаикалык касиетин, таанып-биліічілік функциясын, эзелки ишенимдердин философиялык нарк-насилин изилдеесін чектеэге алып келет. Ырас, 90-жылдардан бери фольклордун материалдары жана акындар чыгармачылыгы тарых илими менен философянын ургаал илимий предметине айланды. Бирок, аталган багыттардан айырмаланып, фольклористика өз алдынча илим катары архаикалык оозеки мурастарды тарыхый-поэтикалык принципте кароолго алууга тийиш.

Фольклор табиятынан синкреттіі болгондуктан анын оозеки туундуларын кадимки адабият теориясынын алкагында жанрдык типтерге ажыратуу, талдап-тескее ары татаал, ары тартыш маселелерден. Анын ичинен жее жомоктон мазмундук, стилдик структуралык, функциялык касиеттери боюнча бөтөнчөлөнгөн, ичине уламыш, легенда, аўыз, болмуш аталып жірген кара сөз чыгармаларын камтыган элдик прозанын шарттуу тірдегі жиктелишин беріігө далалат жасап керелі. Белгилії болгондой, элдик проза ичинен жее жомок жана кара сөз болуп эки жанрдык тірге бөлінөт. Кара сөз чыгармаларын өз кезегинде жанрдык типтерге ажыратууга болот. **Уламыштарды** мазмунуна карай: жер-суу, тоо-таштардын аттарынын келип чыгуу себептерин тішіндірген оозеки аўгемелерди *топонимикалык*; окуялар, белгилії инсандар, мисалы, элди-жерди коргогон баатыр, намыс алган балбан, эки элди эптештирген чечен, чукугандай сөз тапкан куудул, көзгө атар мерген, кіндеп-тіндеп кіпілдеп жомок айткан («Манас» жана башка) ырчы-жомокчулар тууралуу тамшандырган тарых сөздөрді *тарыхый уламыш* деп; уруу тарыхын, урпактарга ата-баба, жети муштумун саймедиреген сандыргалуу кеп удулун *санжыра* деген ат менен эзелден белгилеп келишкен экен. Табияттын кереметії керініш-кубулуштары, ыйык туткан мифтик образдар, аўчылык турмуштун шумдуктуу окуялары жана каармандары эл арасында кадимки баштан кечирген нерседей элдин ой-сезимин ээлеген. Жогоруда тарыхый уламыштын составына киргизген эл оозуна алынган чыгаандардын өмір санжырасы кээде аўыз делип айтыла бергени менен, *аўыз* деп дал ушундай оозеки туундуларды атоо жөндії болор эле. Ал эми, мифтик мотивдерден азыктанып, мифтик сюжеттерден куралган элдик прозаны дійнөлік илимий моделдин негизинен четтебей ***легенда*** жанры-нын ичинде кароону туура таптык. Алар жалпы жонунан бітіндей жашоонун турпатын кучагына алган ***космологиялык*** аўгемелер деп белгиленип, мазмун-маўызы боюнча алар – ай, кін, жылдыздар жөніндегі *космогониялык*; жан-жаны-бар, өсімдік, табият кічтерінін пайда болушу тууралуу айтылуучу аўгемелер *этиологиялык*; кийинки диндерди жайылтуу, элге сиўирії максатында чыккан акыр заман, аркы дійнө, тагдыр-жазмыштын кічін даўазалаган *эсхатологиялык*, эзелки эл ишенимдеринен келе жаткан, ыйык жаныбарлар жөніндегі *то-темдик* легендаларды ажыратууга болот. Иликтеебіздін жыйынтыгы керсеткендей, кін менен айды кудайындай керген архаикалык ынанымдар жердеги жаныбарларга сыйынууга кечіп, канаттуулар кек-жердин элчиси иретинде таанылып, булардын ортосунан *культтук* аўгемелер жаралган. Аларды кезегинде адамзат ыйыктары тууралуу *антроморфтук*, киши кебетесинен жандык кебете-сине өтө алган кереметтії, мисалы, кайберен жана башка *зооантромофтук*, ыйык саналган өсімдіктер жөніндегі *анимисттик* легендалар жиктелет.

Талданууучу тексттердин поэтикалык өзгөчөлігі – белгилії бир эпоханын маданий акыл-туюмунун кереўгесі деп таанылып, образдардын мезгил алкагындагы туруктуулугу, окуялардын циклдіілігі, акыл-эстин архетиптик коллективдіілігі сөзсіз эске алынуусу зарыл. Мындай талдоолор кеп функционалдуулук, кеп катмарлуулук өзгөчөлігін дагы сактоо менен жіргізілет. Андыктан фольклортаануу тішінігі адабият илиминин алкагына сыйбай турган изилдее багыттарын камтый алат. Эгерде оозеки чыгармачылык элдин эзелки маданиятын гана эмес, тарыхын, динин, философиясын, социалдык психологиясын сөз аркылуу оозеки

формада сактап келсе, фольклористика анын поэтикалык деген бир эле танабын изилдєє менен чектелсе, ал єз алдынча илимий тармак боло алабы. Андыктан фольклор илими єз методу жана принциби бар, адабияттын, тил илиминин, тарых менен этнографиянын, маданият таанунун элементтерин камтыган, комплекстїї анализ жїргїзє ала турган деўгээлге єсїп жетилїї жолуна келїїгє тийиш.

Ишибиздин жыйынтыгы катары талдоо процессинде аныкталган мифтик мазмундагы чыгармалардын оозеки прозадагы болжолдуу классификациясын сунуш кылабыз:



**Диссертациялык иштин темасы боюнча жарык көргөн макалалар:**

1. Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын эпикалык теги // Эл агартуу. – 2005. - № 11–12. - 1–9-бб.

2. Элдик прозанын структурасы // Эл агартуу. – 2005 - № 11–12. - 51–59-бб.

3. Мифтин табияты. Анын илимде изилдениши жана маданиятта чагылышы // Вестник КНУ. - Серия 1. – 2007. - Чыгарылыш 5. - 143–147-бб.

4. Миф жана фольклор // Вестник КНУ. - Серия 1. – 2007. - Чыгарылыш 5. - 147–151-бб.

5. «Бугу эне» мифинин дүйнөлүк параллелдери // Эл агартуу. – 2007. - № 1–2. - 27–34-бб.

6. Мүйүздүү тотемдердин астралдык символикасы // Эл агартуу. – 2007. - № 3–4. - 48–54-бб.

7. «Кожожаш» эпосундагы баш каармандардын мифтик генезиси // ЮНЕСКО Эл аралык конференциясы: «Эпикалык мурастар: өнүктүрүү жана сактоо жолдору. – 2007. - 12-13-октябрь.

8. Иттин пири Кумайык, куш ыйыгы Кумай жана Умай эне // Шоокум. – 2007. - № 10 (15). - 31–32-бб.

9. Бир санжыранын тарыхый жана мифтик уүгулары // Социальные и гуманитарные науки. – 2007. - № 3–4. - 101–105-бб.

10. Мифтин табияты жана илимде изилдениши // Известия вузов. – 2008. - № 3–4. - 134–139-бб.

11. Жети карт ыйык жылдызы // Материалы международной научно-практической конференции «Формирование казахской государственности и историко-культурные ценности туркского мира». Т.3. –С. 141-144. – 2009. -20май.

**Нарынбаева Нуржан Осмоновнанын «Фольклордогу кара сөздүн мифтик башаттары» деген темадагы 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**

## РЕЗЮМЕСИ

Негизги сөздөр: миф, мифология, мифтик мотив, версия, сюжет, вариация, легенда, уламыш, аўыз, маданият, ынаным, дүйнө түзүлүшү, диахрондуу, синхрондуу, символдуу, сезип-туюу аспекттери.

Диссертациялык иште кыргыз фольклорунда атайын изилдөөгө алына элек жана жомоктон айырмаланган кара сөз чыгармаларынын мифтик башаттарын аныктоого аракет жасалат.

Диссертациялык иш киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

Биринчи бөлүм «Миф жана мифология» деп аталып, миф феноменинин маўызы, дүйнөлүк илимдеги жана маданияттагы орду аныкталат. Мифтин гуманитардык илимдердеги изилдениш тарыхына көз жүгүртүлүп, миф менен оозеки проза жанрларынын айкалышуулары салыштырылат.

Экинчи бөлүм «Элдик прозанын структурасы, классификациясы жана изилдениш тарыхынан» деп аталат. Элдик аўгемелерди изилдөө боюнча эл аралык конгрессте

(МОИНР) иштелип чыккан теориялык жоболордун жана ушул мезгилге чейин жӱргӱзӱлгөн теориялык жана практикалык изилдөөлөрдӱн негизинде кыргыз оозеки кара сөз чыгармаларын жанрдык жактан аныктап-иликтөө иштери жӱргӱзӱлөт.

Ӱчӱнчӱ бөлӱм – диссертациялык иштин негизги бөлӱмӱ. Ал кыргыз фольклорундагы жөө жомоктон айырмаланган кара сөз жанрларындагы миф башаттарынын жаралуу, сиӱӱӱ жолун жана эволюциясын иликтөө максатын көздөйт. Иликтөө учурунда оозеки кара сөз жанрларынын сюжеттик жана мотивдик көп функционалдуулугу, бир эле мифтик версиянын өзөгӱндө ар кыл мазмундуулуктун модели тӱзӱлөрӱ аныкталат. Мифтик мотивдердин эволюциясын мезгилдик категориядан талдоо аркылуу саркындыга айланган көөнө мотивдердин жардамы менен заманбап идеяларды коомдук аӱ-сезимге сиӱирӱӱ функциясын аткара ала тургандыгы белгилӱӱ болот.

Корутундуда улуттук фольклордогу кара сөз жанрларынын маани-маӱызы жана орду тастыкталып, тактап-жиктөө аракети жасалды.

## РЕЗЮМЕ

**диссертационной работы Нарынбаевой Нуржан Осмоновны на тему: «Мифологические истоки кыргызской несказочной прозы» на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.09 – фольклористика.**

Ключевые слова: миф, мифология, мифическое, мотивы, версии, сюжет, вариация, культура, традиция, легенда, предание, былички, диахроника, синхроника, символические аспекты восприятия мироздания.

В работе впервые в кыргызской фольклористике делается попытка выявление мифологических истоков несказочной прозы.

Диссертационная работа состоит из введения, трех глав, заключения и библиографии.

В первой главе – «Миф и мифология» – раскрывается сущность феномена «миф». Ведется экскурс по истории изучении мифа в различных отраслях науки гуманитарного направления. Рассматривается соотношения мифа с жанрами несказочной прозы.

Во второй главе – «Структура народной прозы и из истории изучения и классификации» – делается попытка классифицировать устные прозаические жанры несказочного вида, согласно теории, выработанные в Международном конгрессе по исследовании народных рассказов (МОИНР), через призму изучения предыдущих исследований и практических выводов, бытовавших в национальной фольклористике.

Третья глава – «Архаические основы мифологических истоков преданий и генеалогических сказов кыргызского народа» является основной частью исследова-ния. В нем рассматривается истоки возникновения, бытования и эволюция мифо-логических истоков кыргызской несказочной прозы, выявляются множественные модели интерпретации по одной и той же мифологической версии, а также многофункциональность содержания сюжетов и мотивов в жанрах несказочной прозы. Прослеживая эволюцию мифологических истоков во временной дистанции, наблюдается процесс наполнения рудиментарных мотивов новыми функциями, призванные укрепить актуальные идеи посредством мифического поверья.

В заключении – сделана попытка определить место и значение несказочной прозы в системе других жанров фольклора, обозначить свою классификационную систему в изучаемой проблеме.


## SUMMARY

**of dissertational work «Mythological sources of the Kirghiz not fantastic prose» of Narynbaevoi Nurzhan Osmonovny on competition of a scientific degree of Cand.Phil.Sci. on speciality 10.01.09 – Folklore.**

Keywords: a myth, mythology, mythical, motives, versions, a plot, a variation, culture, tradition, a legend, the legend, diachronics, sinchronics, symbolical aspects of perception of a universe.

In work for the first time in Kirghiz Folklor attempt of revealing of mythological sources of not fantastic prose becomes.

Dissertational work consists of the introduction, three heads, the conclusion and the bibliography.

In chapter 1 – «the Myth and mythology» – reveals essence of a phenomenon «myth». Digression on studying stories in various branches of a science of a humanitarian direction is conducted. The parity of a myth with genres of not fantastic prose is considered.

In the second chapter – «the Structure of national prose and from studying and classification history» – becomes attempt to classify oral prosaic genres of not fantastic kind, according to the theory developed on the International congress on research of national stories, through a prism of studying of the previous researches and the practical conclusions occurring in national folklore.

The third chapter – «Archaic bases of mythological sources of legends and genealogical chronics the Kirghiz people» is the basic part of research. In it sources of occurrence, an existing and evolution of mythological sources of the Kirghiz not fantastic prose are considered, plural models of interpretation under the same mythological version, and also multifunctionality of the maintenance of plots and motives in genres of not fantastic prose come to light. Tracing evolution of mythological sources in a time distance, process of filling of rudimentary motives by the new functions, called to strengthen actual ideas by means of mythical nosepta is observed.

In the conclusion attempt to define a place and value of not fantastic prose in system of other genres of folklore is made, to designate the classification system in a studied problem.

НАРЫНБАЕВА НУРЖАН ОСМОНОВНА

МИФОЛОГИЧЕСКИЕ ИСТОКИ
КЫРГЫЗСКОЙ НЕСКАЗОЧНОЙ ПРОЗЫ

Терүүгө 24.12.2009-ж. берилди. Басууга 27.01.2010-ж. кол коюлду.
Форматы 60x84 1/16, «Times Kirg» ариби. Офсеттик кагаз.
Көлөмү - 1,5 басма табак. Нускасы 100 даана.